КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК, СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДОО ЖАНА МИГРАЦИЯ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ТРУДА, СОЦИАЛЬНОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И МИГРАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

18.11.2022 г №182

Бишкек шаары

**Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 16-апрелиндеги №175 токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн жөнгө салуу таасирин талдоо боюнча жумушчу топ түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөлөрдө жумушка орноштуруу жаатындагы абалды жакшыртуу жана ушул тармакта укуктук ченемдик базаны өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги №175 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жарандарын чет өлкөдө жумушка орноштуруу боюнча иштин тартиби жөнүндө" жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө жөнгө салуу таасирин талдоо жүргүзүү максатында, жумушчу топ түзүү үчүн **буйрук кылам:**

1. Төмөнкү курамда жумушчу топ түзүлсүн:

Базарбаев Нурдөөлөт Сатыбекович – Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министринин орун басары, жумушчу топтун төрагасы.

Жумушчу топтун мүчөлөрү:

Мамбетова Жыпара Акбаралиевна – Миграция маселелери боюнча башкармалыгынын башчысы;

Алыбаев Алмаз Курманбекович – Министрликке караштуу Жарандарды чет өлкөгө ишке орноштуруу борборунун директору;

Байсопуев Арслан Кабылович - Министрликке караштуу Жарандарды чет өлкөгө ишке орноштуруу борборунун жарандарды ишке орноштуруу жана мигранттардын укугун коргоо башкармалыгынын башчысы;

Сатыгулов Мирлан Эсенкулович – Миграция маселелери боюнча башкармалыгынын миграция саясаты бөлүмүнүн башчысы;

Сагымбекова Айтолкун Жакыпбековна - Министрликке караштуу Жарандарды чет өлкөгө ишке орноштуруу борборунун жарандарды ишке орноштуруу жана мигранттардын укугун коргоо башкармалыгынын башкы адиси;

Айдаров Каныбек Абдрайович – "Ишкердик Агентстволордун жана жумуш берүүчүлөрдүн Эл аралык уюму" ассоциациясы юридикалык жактардын бирикмесинин төрагасы;

Аскербек уулу Шерболот - Ишке орноштуруу жеке агенттиктеринин ассоциациясынын төрагасы;

Жороев Насир Кемелович - Ишке орноштуруу жеке агенттиктеринин союзунун төрагасы.

2. Жумушчу топ жөнгө салуу таасирине талдоо жасоодо тиркемеге ылайык иш алып барсын жана өзүнүн ишин 2022-жылдын 29-декабрына чейин жыйынтыктасын.

3. Жумушчу топ Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынан жана чет өлкөлөрдөгү мекемелеринен сунуштарды, маалыматтарды алууга укуктуу.

4. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Негизи:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э.Ж. Байсаловдун тапшырмасы.

**Министрдин м.у.а.** **Н.С. Базарбаев**

**Макулдашылды:**

| | |
|---|---|
| Министрдин орун басары | Ж.А. Полотова |
| УКБ башкы адиси | М.Э. Сыргабаева |
| ММБ башчысы | Ж.А. Мамбетова |
| ЖИОБ директору | А.К. Алыбаев |
| Даярдаган | Б.Маратбекова |

**Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 16-апрелиндеги №175 токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө карата жөнгө салуу таасирин талдоо боюнча жумушчу топтун иштөө планы**

| № | Иш-чара | Аткаруу мөөнөтү | Жумушчу топ |
|---|---|---|---|
| 1 | Ченемдик укуктук актынын долбоорун иштеп чыгуу жөнүндө кабарлоо. | 16-ноябрына чейин | |
| 2 | Келип түшкөн сунуштарды жана жооптордун реестринде аларга каттоо номерин ыйгаруу менен каттоо. | 07-декабрына чейин | |
| 3 | Ар бир келип түшкөн сунуш боюнча аны кабыл алуу же баш тартуу жөнүндө жумушчу топтун чечимин чыгаруу | 12-22 -декабрына чейин | |
| 4 | Көйгөйлөрдү аныктоо. Мамлекеттик бийлик органы/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы аныкталган көйгөйлөрдү тактоо жана деталдуу түшүнүү үчүн керектүү бардык маалыматтарды чогултуу, аларды ченөөнүн экономикалык, укуктук негиздерин жана актуалдуулугун аныктоо. | 12-22 -декабрына чейин | |
| 5 | Жөнгө салуунун максаттарын аныктоо. Жөнгө салуунун конкреттүү максаттарын түзүү жана коюлган максаттардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн индекаторлорду аныктоо. | 12-22 -декабрына чейин | |
| 6 | Жөнгө салуунун альтернативдүү варианттарын иштеп чыгуу. Жөнгө салуу ыкмасын тандоо, белгиленген максатка жетүү жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн ачык талкуунун катышуусунун | 12-22 -декабрына чейин | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | сунуштарын эске алуу менен жөнгө салуу варианттарынын рационалдуу идеяларын түзүү. | | |
| 7 | Жөнгө салууну иштеп чыгуу. Жөнгө салуунун каралып жаткан вариантында кабыл алынган көйгөйлөрдү чечүү ыкмасын баяндоо. | 12-22 -декабрына чейин | |
| 8 | Жөнгө салуунун күтүлгүү кесепеттерин балоо. Жөнгө салуунун сунушталган вариантын ишке ашыруунун натыйжасында мүмкүн болуучу кесепеттерди табуу жана баалоо жүргүзүү. | 12-22 -декабрына чейин | |
| 9 | Экономикалык кесепеттерди баалоо. Экономикалык кесепеттерге (чыгымдар жана пайдалар) баалоо жүргүзүү, ал сунушталган жөнгө салуунун ишкердик субъектилерге, мамлекеттик бийлик органдарына/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (Республикалык/жергиликтүү бюджетке) тийгизе турган таасирине нарктык баалоону көрсөтүү. Жөнгө салуунун каралып жаткан варианты кабыл алынган учурда коюлган максаттарга жетүүгө жана күтүлүүчү позитивдүү натыйжаларды алууга тоскоолдук жаратышы ыктымал тобокелдиктерге баалоо жүргүзүү, ошондой эле ушул тобокелдиктерди азайтуу чараларын аныктоо. | 12-22 -декабрына чейин | |
| 10 | Атаандаштыкка тийгизген таасирин баалоо. | 12-22 -декабрына чейин | |
| 11 | Ишке ашыруу үчүн жөнгө салуунун вариантын тандоо. Жөнгө салуунун бардык каралган варианттарына | 12-22 -декабрына чейин | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Жөнгө салуунун бардык каралган варианттарына салыштыруу жүргүзүү жана ишке ашыруу үчүн кыйла артыкчылыктуу вариантты тандоо. | | |
| 12 | Талкуулоо жана ЖСТТ документтерин даярдоо. Талкуулоо жүргүзүү жана ЖСТТ документтеринин акыркы вариантын иштеп чыгуу: аналитикалык кат жана тийиштүү ЧУАнын долбоорун даярдоо. | 29 –декабрь | |